КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-жылдын 24-июну, № 351

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин кесиптик өсүшүнө дем берүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында, «Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ушул токтомду ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы № 439 «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.
5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

№003542 *

---

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 24 июня 2022 года № 351

**Об утверждении Положения о порядке проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

В целях стимулирования профессионального роста учителей общеобразовательных организаций, а также повышения качества образования в общеобразовательных организациях, в соответствии со статьей 6 Закона Кыргызской Республики «О статусе учителя», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о порядке проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению.
2. Министерству образования и науки Кыргызской Республики принять соответствующие меры по реализации настоящего постановления.
3. Признать утратившим силу постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики» от 11 августа 2016 года № 439.
4. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.
5. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

№003462 *

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) менчигинин тибине, түрүнө жана формасына карабастан, баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартибин регламенттейт.

2. Ушул Жободо төмөнкүдөй аныктамалар колдонулат:

1) аттестация – ушул Жобого ылайык жүргүзүлгөн мугалимдин кесиптик билиминин жана компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо жол-жобосу;

2) аттестацияланууучу – аттестациялоо жол-жобосуна катышуучу мугалим;

3) квалификациялык категория – педагогикалык ишти аткарууда мугалимдин кесиптик билимин жана компетенттүүлүгүн аныктаган анын кесиптик даярдыгынын деңгээли;

4) квалификациялык сертификат – квалификациялык тестирлөөнүн натыйжалары боюнча билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) тарабынан берилүүчү аттестациядан өткөндүгүн ырастоочу документ;

5) квалификациялык тестирлөө (мындан ары – тестирлөө) – билим берүү жаатында ыйгарым укуктуу орган тарабынан иштелип чыккан тесттердин негизинде квалификациялык сертификат алуу укугуна аттестацияланууучулардын кесиптик билимин жана компетенттүүлүгүн текшерүү жол-жобосу;

6) тарификация – сабактын жүктөмүн, кошумча жана башка төлөмдөрдү эске алуу менен эмгек акыны дайындоонун тартиби;

7) тест – аттестацияланууучулардын кесиптик билиминин жана компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо үчүн арналган стандартташтырылган тапшырмалар.

3. Аттестациянын максаты квалификациялык категорияны ыйгаруу, педагогикалык чеберчиликти жана квалификацияны, кесиптик жана инсандык өсүүнү дем берүү, чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуу болуп саналат.

4. Аттестациянын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

Приложение

**Положение о порядке проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

## 1. Общие положения

1. Настоящее Положение о порядке проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики (далее – Положение) регламентирует порядок проведения аттестации учителей общеобразовательных организаций независимо от типов, видов и форм собственности, реализующих общеобразовательные программы начального общего, основного общего и среднего общего образования.

2. В Положении используются следующие определения:

1) аттестация – процедура определения уровня профессиональных знаний и компетентности учителя, проводимая в соответствии с настоящим Положением;

2) аттестуемый – учитель, участвующий в процедуре аттестации;

3) квалификационная категория – уровень профессиональной подготовленности учителя, определяющий его профессиональные знания, и компетентности в выполнении педагогической деятельности;

4) квалификационный сертификат – документ, подтверждающий прохождение аттестации, выданный уполномоченным органом в области образования (далее – уполномоченный орган) по результатам квалификационного тестирования;

5) квалификационное тестирование (далее – тестирование) – процедура проверки профессиональных знаний и компетентности аттестуемых на право получения квалификационного сертификата на основе тестов, разработанных уполномоченным органом в области образования;

6) тарификация – процедура назначения заработной платы с учетом урочной нагрузки, доплат и прочих выплат;

7) тест – стандартизированные задания, предназначенные для определения уровня профессиональных знаний и компетентности аттестуемых.

3. Целью аттестации является присвоение квалификационной категории, стимулирование к повышению педагогического мастерства

– мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүк деңгээлине ылайык келишин белгилөө;

– мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун жана аларды кесиптик өнүктүрүүнүн зарылдыгын аныктоо;

– жалпы билим берүү уюмдары көрсөткөн билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу.

5. Аттестациянын негизги принциптери болуп ыктыярдуулук, ачыктык, калыстык, аттестацияны өткөрүүдө басмырлоого жол бербөө саналат.

6. Мугалимдер төмөнкүдөй квалификациялык категорияларды ыйгаруу үчүн аттестациядан өтүшөт:

– экинчи квалификациялык категориядагы мугалим;

– биринчи квалификациялык категориядагы мугалим;

– жогорку квалификациялык категориядагы мугалим.

Квалификациялык категорияны колдоону мөөнөтү – беш жыл.

7. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча мугалимдерге квалификациялык категорияны ыйгаруу аларга мурдагы квалификациялык категорияларды милдеттүү түрдө этап-этабы менен ыйгарбастан жүргүзүлөт.

8. Жалпы билим берүү уюмунда педагогикалык ишин айкалыштыруу боюнча жүргүзгөн адам аттестациядан ушул Жобого ылайык окуткан предмети боюнча жалпы негиздерде өтөт.

9. Мугалим башка жалпы билим берүү уюмуна ишке өткөн учурда педагогикалык ишин аткарууда анын ыйгарылган квалификациялык категориясы колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин сакталат.

Мугалим ыйгарылган квалификациялык категориясын ырастоо үчүн мугалим жаңы жердеги ишине квалификациялык сертификат берет.

10. Мугалимдин квалификациялык категориясын жогорулатуу максатында мурдагы квалификациялык категориясы ыйгарылгандан кийин бир жылдан кем эмес ушул Жободо аныкталган тартипте мөөнөтүнөн мурда аттестациядан өтүүгө укуктуу.

## 2. Аттестация өткөрүүнү уюштуруу жана тартиби

11. Ыйгарым укуктуу орган аттестация өткөрүү үчүн:

1) төмөнкүлөрдү бекитет:

– билдирилген категорияга ылайыктуулугун ырастаган документтерге талаптарды;

– тестирлөөнү өткөрүүнүн тартибин, тестирлөөнү баалоонун критерийлерин жана аттестация өткөрүүнүн графигин;

– тестирлөөнүн формасын;



и квалификации, профессионального и личностного роста, творческой активности.

4. Задачами аттестации являются:

– установление соответствия уровня профессиональной компетентности учителей;

– определение необходимости в повышении квалификации учителей и их профессиональном развитии;

– повышение эффективности и качества образовательных услуг, предоставляемых общеобразовательными организациями.

5. Основными принципами аттестации являются добровольность, прозрачность, объективность, недопустимость дискриминации при проведении аттестации.

6. Учителя проходят аттестацию на присвоение следующих квалификационных категорий:

– учитель второй квалификационной категории;

– учитель первой квалификационной категории;

– учитель высшей квалификационной категории.

Срок действия квалификационой категории – пять лет.

7. Присвоение учителям квалификационной категории по результатам аттестации производится без обязательного поэтапного присвоения им предыдущих квалификационных категорий.

8. Лицо, осуществляющее педагогическую деятельность в общеобразовательной организации по совместительству, проходит аттестацию по преподаваемому предмету на общих основаниях в соответствии с Положением.

9. В случае перехода учителя на работу в другую общеобразовательную организацию при выполнении педагогической деятельности за ним сохраняется присвоенная квалификационная категория до истечения срока её действия.

Для подтверждения имеющейся квалификационной категории учитель предоставляет квалификационный сертификат на новое место работы.

10. В целях повышения квалификационной категории учителя имеют право пройти досрочную аттестацию не менее чем через один год после присвоения предыдущей квалификационной категории в общем порядке, определяемом Положением.

## 2. Организация и порядок проведения аттестации

11. Для проведения аттестации уполномоченный орган:

1) утверждает:

– требования к документам, подтверждающим соответствие заявленной категории;

2) аттестация өткөрүү жөнүндө буйрук чыгарат жана аттестация башталганга чейин бир ай мурда ыйгарым укуктуу органдын аймактык органдарына аттестация өткөрүүнүн графигин жиберет.

12. Ыйгарым укуктуу органдын аймактык органдары ыйгарым укуктуу органдан аттестациялоонун графигин алгандан кийин беш жумуш күндүн ичинде:

– ар бир мугалимге аттестациянын башталышы жөнүндө маалыматты кол койдуруу менен билдирет;

– тестирлөөнү өткөрүүнүн орду, күнү жана убактысы жөнүндө мугалимдерге кабарлайт.

13. Аттестация компьютердик технологияларды колдонуу менен тестирлөө формасында өткөрүлөт, ал 3 бөлүктөн турат:

биринчи бөлүгү – педагогика жана психология жаатындагы билимдер;

экинчи бөлүгү – кесиптик компетенттүүлүк;

үчүнчү бөлүгү – предметтик компетенттүүлүк.

14. Мугалимдерди тестирлөө ыйгарым укуктуу органдын тестирлөө функцияларын жүзөгө ашырган ведомстволук мекемеси (мындан ары – ведомстволук мекеме) тарабынан жүргүзүлөт.

15. Ведомстволук мекеме тестирлөөнү уюштуруу боюнча төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

1) тесттик суроолордун базасын иштеп чыгат, түзөт жана жаңылайт;

2) тесттик суроолорду бекитет;

3) тестирлөөнүн катышуучуларын каттоону жүргүзөт;

4) тестирлөөнүн катышуучуларына тестирлөө системасына кирүү үчүн шифрлерди (коддорду) берет;

5) тестирлөөнү жүргүзөт;

6) тестирлөөнүн натыйжаларын иштеп чыгат жана тестирлөө протоколун түзөт;

7) аттестацияланууучуга тестирлөөнүн натыйжаларын берет.

16. Тестирлөө аттестацияланууучунун кесиптик билим жөнүндө дипломунда көрсөтүлгөн педагогикалык адистигине ылайык квалификациясын жогорулатуу курстарынан өткөндүгүн эске алуу менен жүргүзүлөт.

17. Диплом боюнча адистигине ылайык келбеген окуу предметтерин окуткан учурда тиешелүү педагогикалык адистикти алуу менен кесиптик кайра даярдоо курстарында окуудан өткөндүгүн күбөлөндүрүүчү документ бар болгондо окуткан предмети боюнча тестирлөө жүргүзүлөт.

18. Тестирлөө аяктагандан кийин аттестацияланган адам компьютердин экранында чагылдырылган өзүнүн натыйжалары менен тааныштырылат.



– порядок проведения тестирования, критерии оценивания тестирования и график проведения аттестации;

– форму тестирования;

2) издает приказ о проведении аттестации и не менее чем за месяц до начала аттестации направляет график проведения аттестации в территориальные органы уполномоченного органа.

12. Территориальные органы уполномоченного органа после получения от него графика проведения аттестации в течение пяти рабочих дней:

– доводят до сведения каждого учителя информацию о начале аттестации под расписку;

– уведомляют учителей о месте, дате и времени проведения тестирования.

13. Аттестация проводится в форме тестирования с использованием компьютерных технологий, которое состоит из 3 частей:

первая часть – знания в области педагогики и психологии;

вторая часть – профессиональная компетентность;

третья часть – предметная компетентность.

14. Тестирование учителей проводится подведомственным учреждением уполномоченного органа, осуществляющим функции тестирования (далее – подведомственное учреждение).

15. Подведомственное учреждение осуществляет следующие функции по организации тестирования:

1) разрабатывает, формирует и обновляет базу тестовых вопросов;

2) утверждает тестовые вопросы;

3) проводит регистрацию участников тестирования;

4) выдает шифры (коды) участникам тестирования для входа в систему тестирования;

5) проводит тестирование;

6) обрабатывает результаты тестирования и составляет протокол тестирования;

7) выдает результаты тестирования аттестуемому.

16. Тестирование осуществляется в соответствии с педагогической специальностью аттестуемого, указанной в дипломе о профессиональном образовании, с учетом прохождения курсов повышения квалификации.

17. В случае преподавания учебных предметов, не соответствующих специальности по диплому, тестирование проводится по преподаваемому предмету при наличии документа, удостоверяющего прохождение обучения на курсах профессиональной переподготовки с получением соответствующей педагогической специальности.

19. Тестирлөөнүн натыйжалары боюнча аттестацияланган адамга ведомстволук мекеме тарабынан төмөнкүдөй жазуулар менен протокол берилет:

– алган балл билдирилген квалификациялык категорияга ылайык келет;

– алган балл билдирилген квалификациялык категорияга ылайык келбейт.

20. «Алган балл билдирилген квалификациялык категорияга ылайык келет» деген белгини алгандан кийин аттестацияланган адамга ведомстволук мекеме тарабынан 14 жумуш күндүн ичинде квалификациялык сертификат берилет.

21. Билдирилген квалификациялык категориясын ырастабаган мугалим бир жылдан эрте эмес кайталап тестирлөөдөн өтүүгө укуктуу.

22. Тестирлөөгө катышкан мугалимге өзүнүн тестинин натыйжаларын чакыртып алууга жана жокко чыгарууга укук берилбейт.

## 3. Талаш маселелерди чечүүнүн тартиби

23. Аттестациянын натыйжалары менен макул болбогон учурда мугалим апелляцияга берүүгө укуктуу. Апелляцияга арыз мугалимдин жеке өзү тарабынан тестирлөө өткөн жерде ал бүткөндөн кийин бир сааттын ичинде менен таризделет.

24. Апелляция техникалык комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Апелляция жүргүзүүнүн тартиби, техникалык комиссиянын курамы, техникалык комиссиянын ишинин регламенти билим берүү жаатында ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

25. Ведомстволук мекеме техникалык комиссияга апелляциялаган мугалимдин катышуусунда анын натыйжасын, анын жоопторун жана тесттин ачкычтарын алган балдардын ылайык келишин белгилөө үчүн электрондук алып жүрүүчүнүн экранында көрсөтөт. Арызды кароонун жыйынтыктары протокол менен таризделет, техникалык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

26. Техникалык комиссиянын ишинин материалдарын архивдик сактоо бир жылдык мөөнөткө белгиленет.

## 4. Корутунду жоболор

27. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси квалификациялык категорияны ыйгаруу жөнүндө квалификациялык сертификаттын негизинде мугалимди тарификациялоо жөнүндө буйрук чыгарат.

28. Квалификациялык категорияны ыйгаруу жөнүндө буйрук мугалим квалификациялык сертификатты берген күндөн тартып



18. После завершения тестирования аттестуемый ознакамливается с его результатами, отображаемыми на экране компьютера.

19. По результатам тестирования аттестуемому лицу подведомственным учреждением выдается протокол со следующими пометками:

– набранный балл соответствует заявленной квалификационной категории;

– набранный балл не соответствует заявленной квалификационной категории.

20. При получении пометки «набранный балл соответствует заявленной квалификационной категории» аттестуемому подведомственным учреждением в течение 14 рабочих дней выдается квалификационный сертификат.

21. Учитель, не подтвердивший заявленную квалификационную категорию, имеет право пройти повторное тестирование не ранее чем через один год.

22. Учителю, принявшему участие в тестировании, не предоставляется право отзыва и аннулирования полученного результата своего теста.

## 3. Порядок разрешения спорных вопросов

23. В случае несогласия с результатами аттестации учитель имеет право подать апелляцию. Заявление на апелляцию оформляется учителем лично, по месту проведения тестирования, после его окончания в течение одного часа.

24. Апелляция проводится технической комиссией. Порядок проведения апелляции, состав технической комиссии, регламент работы технической комиссии определяются уполномоченным органом в области образования.

25. Подведомственное учреждение представляет технической комиссии в присутствии апеллирующего учителя его результат на экране электронного носителя, его ответы и ключи теста для установления соответствия полученных баллов. Результаты рассмотрения заявления оформляются протокольно, подписываются членами технической комиссии.

26. Архивное хранение материалов работы технической комиссии устанавливается сроком в один год.

## 4. Заключительные положения

27. Руководитель общеобразовательной организации издает приказ о тарификации учителя на основании квалификационного сертификата о присвоении квалификационной категории.

15 календардык күндөн кечиктирбестен, жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан чыгарылууга тийиш.

29. Квалификациялык сертификаттын көчүрмөсү жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинде 5 жыл сакталат.



28. Приказ о присвоении квалификационной категории должен быть издан руководителем общеобразовательной организации не позднее 15 календарных дней со дня предоставления учителем квалификационного сертификата.

29. Копия квалификационного сертификата хранится у руководителя общеобразовательной организации в течение 5 лет.